Токтом №4

30.03.2021-жыл Катышканы-29

Күн тартибинде:

1. III чейректин жыйынтыгы
2. Усулдук бирикмелердин отчёту

Биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Женмуратова Гулмира сөз сүйлөдү.
Угулду:

Жыл башында окуучулардын саны 559 болсо, III чейректин аягында 577 окуучу менен аяктады. Чейрек ичинде 41 окуучу келди, ал эми 29 окуучу кетти. Ал эми жыл ичинде 93 окуучу келсе, 75 окуучу кетти.
Ал эми билим сапаты боюнча маалымат берип өтөйүн.
Чейрек башында 577 окуучу, 1-класс-123 окуучу

| Классы | Окуучулардын саны | "Эң жакшы" | "Жакшы" | "Орто" | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|
| 2-а класс | 21 окуучу | 4 окуучу-19% | 6 окуучу-29% | 11 окуучу-52% | 48% |
| 2-б класс | 29 окуучу | 3 окуучу-10% | 10 окуучу-34% | 16 окуучу-56% | 44% |
| 2-в класс | 29 окуучу | 3 окуучу-10% | 8 окуучу-87% | 18 окуучу-62% | 37% |
| 2-г класс | 27 окуучу | 5 окуучу-18% | 8 окуучу-29% | 14 окуучу-51% | 47% |
| 2-д класс | 29 окуучу | 7 окуучу-24% | 8 окуучу-28% | 14 окуучу-49% | 51% |
| 3-а класс | 21 окуучу | 3 окуучу-14% | 6 окуучу-29% | 12 окуучу-57% | |
| 3-б класс | 35 окуучу | 8 окуучу-23% | 12 окуучу-34% | 15 окуучу-45% | 57% |
| 4-класс | 38 окуучу | 3 окуучу-8% | 10 окуучу-26% | 25 окуучу-66% | 34% |
| 3-4-класс | 229 окуучу | 36 окуучу-16% | 68 окуучу-29% | 125 окуучу-55% | 45% |
| 5-а класс | 24 окуучу | 1 окуучу-4% | 7 окуучу-29% | 16 окуучу-67% | 33% |
| 5-б класс | 22 окуучу | 2 окуучу-9% | 7 окуучу-32% | 13 окуучу-59% | 41% |
| 5-в класс | 30 окуучу | 4 окуучу-13% | 8 окуучу-27% | 18 окуучу-60% | 40% |
| 6-а класс | 25 окуучу | 1 окуучу-4% | 7 окуучу-28% | 17 окуучу-68% | 32% |
| 6-б класс | 35 окуучу | 4 окуучу-11% | 5 окуучу-14% | 26 окуучу-75% | 25% |
| 7-класс | 28 окуучу | 1 окуучу-3% | 7 окуучу-25% | 20 окуучу-7% | 29% |
| 8-класс | 30 окуучу | 1 окуучу-3% | 8 окуучу-27% | 21 окуучу-70% | 30% |
| 9-класс | 31 окуучу | 1 окуучу-3% | 9 окуучу-29% | 21 окуучу-68% | 32% |
| 5-9-класс | 225 окуучу | 15 окуучу-6% | 58 окуучу-26% | 26 окуучу-15,2% | 34% |
| 2-9-класс | 454 окуучу | 51 окуучу-11% | 126 окуучу-28% | 277 окуучу-61% | 39% |

Өткөн чейректе 34% билим сапатын түзгөн болсо, азыркы чейректе 39% менен III чейректи аяктадык. Ошентип бул чейректе өткөндөгү чейрекке салыштырмалуу 5%га өстү. Кээ бир класстардан бирден предметтерден "3" чыгып калгандары болду.
Жарыш сөзгө мектептин диретору Эрматов А.К. сөз сүйлөдү.
Угулду:

Урматтуу мугалимдер мына баарыбыз III чейрек боюнча завучтун отчётун уктук. 6-б класс 25% класста 35 окуучу болсо, класстын билим деңгээли төмөн. Ушундай көрүнүштөр 7-класс-29%, 8-класс-30%. Мугалимдер жетишпеген окуучулар менен

көбүрөөк иштөө керек, кошумча тапшырмаларды, иштерди берүү керек. Ар бир предметтик мугалимдер өзүнүн сабактарына кызыктыруу керек.
Жарыш сөзгө 6-б класстын класс жетекчиси Каратаева Айпери сөз сүйлөдү.
Угулду:

Менин классымда 35 окуучу бар. III чейректе класстын билим сапаты 25%ды түздү. Кээ бир жакшы окуган окуучуларыма бирден предметтен "3" болуп калды. Мына ошол жетишпеген окуучуларыма предметтик мугалимдер өзүнчө тапшырмаларды берсе, жакшы болмок, же мугалим ошол окуучуларды өзүнүн предметине тартуу керек.
Кийинки чейрекке аракеттенебиз билим сапатын көтөрүүгө . Жакшы окуган окуучуларымдан да экөө кетти.
Жарыш сөзгө 7-класстын класс жетекчиси Токурова Наринса сөз сүйлөдү.
Угулду:

Менин классымда да так ошондой көрүнүш. Өткөн чейректе 33%ды түзсө, мында 29%ды түзүп, класстын билим сапаты төмөндөп кетти. Менде да жакшы окуган окуучуларыма бирден "3" чыгып, ударникке жетпей калды. Эмне үчүн бардык класстарда ушундай көрүнүш? Себеби окуучулар сабак окушпайт, кармаганы телефон. Ата-энелер балдарына телефонду бербөөсү керек. Онлайн сабактан кийин окуучулар мурдагыдай окубай койду, аны баарыбыз эле билебиз. М: 7-класска адабият жетишпейт. Биз да кийинки чейрекке аракеттенебиз.

Жогорудагыларды угуп талкуулап, пед.кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1.III чейректин жыйынтыгы канааттандырарлык деп табылсын.

Экинчи маселе боюнча башталгыч усулдук бирикменин жетекчиси Садирова Алтынай сөз сүйлөдү.
Угулду:

Биздин усулдук бирикме III чейрек ичинде төмөндөгүдөй иштерди алып барды. Январь айында 2-4-класстарынын математика, кыргыз тили, адабий окууларына анализ жүргүзүлдү. Мугалимдер жогорку предметтер боюнча бардыгы методикалык жактан сабактарын туура өтүштү. Бул класстарда математика сабактарында окуучулар маселенин кыскача шартын түзүүдө жана аны чыгарууда кыйналгандары байкалды. Ошондуктан мугалимдер маселени көбүрөөк чыгаруулары сунушталды. Ал эми кыргыз тили сабактарында тыныш белгилеринин коюлушу, тамгаларды элементтери менен окубагандыгына байланыштуу мугалимдерге ушуларга көңүл буруулары сунушталды. Адабий окуу сабактарында окуучулар текстти окуп айтууда өз ойлорун толук айта алышпайт, көбүрөөк мугалим балдар менен тексттер менен иштөөлөрү керек. О.э. окуучулардын окуу ылдамдыгы төмөн экендиги байкалды. Февраль айында 2-класстын мугалимдери ачык сабактарды өткөрүштү. 2-Б класстын класс жетекчиси Калыкова Жылдыз чтениядан, 2-В класстын мугалими Турдыева Дарья да чтениядан, 2-Д классынын мугалими Жээнбекова Элиза математикадан ачык сабактарды өттү. Сабактар негизинен баары жакшы өтүлдү. Сабактарга башталгыч класстын мугалимдери, окуу бөлүмүнүн башчысы Женмуратова Гулмира катышты. О.э. 3-класстын мугалими Эгемкулова Алтынай да мекен таануу сабагынан ачык сабак өттү. Сабак өзүнүн максатына жетти. Мугалим аракеттенип кызыктуу, көрсөтмөлүү өттү. Окуучулар да

сабакка активдүү катышты. О.э. шаардык мектептеринен келишкен окуу бөлүмдөрүнүн башчылары башталгыч класстардын мугалимдеринин сабактарына катышышты. 2-Д класс Жээнбекова Элиза 1-в класска мугалими Шишманова Назира 1-А класс Сулайманова Меринса эжекелердин сабактарына катышып, "жакшы" деп балашты. Март айында 1-В класс мугалими Шишманова Назира 1-Б класс Исмаилова Бузейнеп эжеке математика 1-Г класс мугалими Идирисиова Миргүл эжеке Азбукадан ачык сабактарын өткөрүштү. 1-В класска шаардан келген башталгыч класстын мугалимдери катышты. Сабак өтө жакшы өтүлдү. Пайзылдаева Зубайда 2-класска турмуш шартына байланыштуу өткөн жок. О.э. 1-А класс мугалими Султанова Меринса да турмуш шартына байланыштуу ачык сабак өткөн жок. Апрель айында өтө турган болушту. О.э. III чейректе 2-4-класстардын айлампа дептерлери текшерилди. Бардык класстарда айлампа дептерлер уюушулган жана мугалимдер тарабынан текшерилип турат. Айлампа дептерлери талапка жооп берет.

Кийинки сөзгө кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикменин жетекчиси Маккамбаева Феруза сөз сүйлөдү.

Угулду:

3-чейректе 48 окуу күнү болду. Программа боюнча берилген сааттар баары өтүлдү. Чейрек ичинде 5-9-класстар окуу бөлүмү тарабынан сабактардын өтүлүшү текшерилди. Мында дептерлердин абалы сырткы асты күндөлүктөр сабактардын өтүлүшү дептерлердин ичиндеги жазуулардын көлөмү, окуучулардын кол жазмасы, үй тапшырмаларынын көлөмү, өз ара сабакка катышуу дептерлери текшерилди жана жазуу иштери алынды. Аны мен эжекеге тапшырдым. О.э. мен ачык сабак өтүшүм керек болчу, бирок ден соолугума байланыштуу өтө албадым, буйруса кийинки айда өтөмүн. Ал эми апрель айында Аширкан эжеке шаардык деңгээлде ачык сабак өтөт.

Жогорудагыларды угуп талкуулап пед.кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

2.Усулдук бирикмелердин отчёту канааттандыраарлык деп табылсын.

Мектептин директору: [illegible]матов А.К.

Катчы [illegible]пидинова У.М.